**Кыргыз Республикасынын**
**Шайлоо жана референдум өткөрүү**
**боюнча борбордук комиссиясына**

**Көчүрмөсү**

***Талас шаардык аймактык***
***шайлоо комиссиясына***

***Кыргыз Республикасынын***
***Шайлоо жана референдум өткөрүү***
***боюнча борбордук комиссиясынын***
***алдындагы***
***Ыкчам чара көрүү тобуна***

**Жамааттык арыз**

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2024-жылдын 6-сентябрындагы ПЖ № 256 Жарлыгына ылайык, өлкө боюнча жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо 2024-жылдын 17-ноябрына дайындалган. Бул шайлоодо Талас шаардык кеңешине алты саясий партия катталып, бүгүнкү күндө үгүт иштерин жүргүзүүдө.

Бирок, жогоруда аталган партиялардын ичинен "Бирге-Вместе" саясий партиясы тарабынан Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө" Мыйзамынын бир катар беренелерин одоно бузуу фактылары аныкталды. Маселен, "Бирге-Вместе" саясий партиясы "Фейсбук" социалдык тармагындагы партиянын өздүк баракчасына ушул жылдын 25 жана 26-октябрь күндөрү, катталган талапкер Жумабеков Тимур тууралуу видео-үгүт материалын жарыялаган. Анда, Жумабеков Тимур Талас шаардык мэриясы тарабынан жасалган/жасалып жаткан таза суу жана канализация тутумун киргизүү, шаардын аймагына эс алуу паркын куруу боюнча аткарган/аткарылып жаткан иштер өз партиясына таандык экенин айтып, "Бирге-Вместе" партиясынын аткарган иштери катары көргөзгөн. Ушундай эле тариздеги видео-үгүт материал 29-октябрь күнү, катталган талапкер Атагелдиев Урмат тууралуу Фейсбуктагы аталган баракчага жарыяланган. Анда, талапкер Талас шаарындагы балдар ойноочу аянтчанын салынышына "Бирге-Вместе" партиясы себепкер деген оңуттө шайлоочуларга кайрылган. Ошондой эле, жогорудагы видео-үгүт материалдар "УТРК Талас телеканалы" аркылуу жана партиянын үгүт басма материалдарында да жайылтылууда.

Бул аракеттер Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө" Мыйзамынын 17-1-беренесинин 2-бөлүгүнүн 8-пунктуна ылайык, шайлоо өнөктүгү мезгилинде жалпыга маалымдоо

КР БОРБОРДУК ШАЙЛОО КОМИССИЯСЫ
ЦЕНТРИЗБИРКОМ КР
Кириш / Входящий № 17/2667
« 01 » 11 2024 ж/г

каражаттарында, басылма үгүт материалдарында **жасалган иштер жөнүндө отчетторду жарыялоо**, талапкердин атынан тийиштүү шайлоо фондунун каражаттарынан төлөнбөгөн куттуктоолорду жана башка материалдарды таркатуу - **административдик ресурсту кыянаттык менен пайдалануу**нун түрлөрүнө кирерин ачыктайт.

Андан тышкары, аталган партиядан талапкер Батырбекова Бегимай тууралуу 26-октябрь күнү "Фейсбук" социалдык тармагындагы партиянын өздүк баракчасына жарыяланган видео-үгүт материалда республикалык жана жергиликтүү бюджеттин эсебинен аткарылган иштерди партиянын ишмердиги катары көрсөтүп, муниципалдык менчиктеги техниканы пайдаланган. Жогорудагы видео-үгүт материал дагы "УТРК Талас телеканалы" аркылуу жана партиянын үгүт басма материалдарында жайылтылууда.

Бул аракеттер Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө" Мыйзамынын 17-1-беренесинин 2-бөлүгүнүн 4-пунктуна ылайык, **көрсөтүүгө жана (же) шайлоого обөлгө болгон ишти жүзөгө ашыруу үчүн мамлекеттик же муниципалдык менчикте турган транспорт каражаттарын акысыз же жеңилдетилген шарттарда пайдалануу**; 8-пунктуна ылайык, шайлоо өнөктүгү мезгилинде жалпыга маалымдоо каражаттарында, басылма үгүт материалдарында **жасалган иштер жөнүндө отчетторду жарыялоо**, талапкердин атынан тийиштүү шайлоо фондунун каражаттарынан төлөнбөгөн куттуктоолорду жана башка материалдарды таркатуу, - административдик ресурсту кыянаттык менен пайдалануунун түрлөрүнө кирерин ачыктайт.

Ошондой эле, "Бирге-Вместе" саясий партиясынын катталган талапкерлери Осмоналиев Самар Рустанович, Манасов Абдынайым Манатбекович, Чубак кызы Ширин, Ионина Екатерина Яковлевна, Атагелдиев Урмат Эсенгелдиевич, Бейшенов Бакыт Маликович партиянын шайлоо фондуна 150 000 сомдон (1 500 эсептик көрсөткүч), ал эми Турсалиев Улугбек Кенжебекович 100 000 сом (1 000 эсептик көрсөткүч) өлчөмүндөгү акча каражатын салышкан.

Бул аракеттер Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө" Мыйзамынын 55-беренесинин 3-бөлүгүнүн 1-пунктуна ылайык, мыйзам бузуу болуп саналат. Себеби аталган беренеге ылайык, ар бир талапкер саясий партиянын шайлоо фондуна 500 эсептик көрсөткүчтөн (50 000 сомдон) ашпаган гана акча каражатын талапкердин **өз каражаты** катары сала алат.

Жогоруда келтирилген фактыларды эске алуу менен, Биз – Талас шаардык кеңешинин депутаттарын шайлоого катышып жаткан бардык саясий партиялар "Бирге-Вместе" саясий партиясы тарабынан Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө" Мыйзамынын 17-1-беренесинин 2-бөлүгүнүн 4,8-пункттары жана

55-беренесинин 3-болугунун 1-пункту бир нече ирет бузулгандыгына байланыштуу, аталган мыйзамдын 44-беренесинин негизинде “Бирге-Вместе” саясий партиясынын тизмесин каттоону жокко чыгарууну жана административдик ресурсту кыянаттык менен пайдаланган талапкерлерди жоопкерчиликке тартууну талап кылабыз.

*Шилтеме:*

*1. “Бирге-Вместе” саясий партиясынын шайлоо фондуна келип түшкөн каражаттары тууралуу маалымат (Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын сайтына шилтеме - https://talapker.shailoo.gov.kg/ky/election/40/kenesh_gor/26/party/44/finance)*

*2. “Бирге-Вместе” саясий партиясынын “Фейсбук” социалдык тармагындагы өздүк баракчасына шилтеме - https://www.facebook.com/profile.php?id=61567683351096&mibextid=LQQJ4d*

1. “Эл Үмүтү” СП ______________________,
2. “Ынтымак” СП ______________________,
3. “Жаңы Кыргызстан” СП ______________________,
4. “Социал - демократтар” СП ______________________,
5. “АМАНАТ” ЭСП” СП ______________________.

Талас шаары 31.10.2024-ж.